European
Commission



TWINNING

# Административдик чөйрөдөгү тең укуктуу кызматташтыктын алкагында мекемелердин потенциалын бекемдөө

## Twinning деген эмне?

Twinning — ЕБнин институттук потенциалды жогорулатуу, орто жана узак мөөнөттүү реформаларды жүргүзүү, ошондой эле ЕБнин мүчө өлкөлөрүнүн жана өнөктөш өлкөлөрүнүн арасындагы тең укуктуу кызматташтыкты жогорулатууга жардам берүүчү шайманы. Бул шайман мамлекеттик сектордо тажрыйба жана билим алмашуу процессин жеңилдетет жана конкреттүү милдеттүү натыйжага жетүүгө көмөктөшөт.

## Twinningдин бенефициары ким?

Twinning ЕБне кошулуучу талапкерлерге жана потенциалдуу талапкерге, ошондой эле Европанын коңшулук саясаты тармагына кошулган мамлекеттерге жеткиликтүү. 2020-жылдын январь айынан бери Twinning Европалык өнүгүү саясатынын аракетине туура келген өлкөлөргө да жеткиликтүү.

**ЕБне кирүүчү кандидаттар жана потенциалдуу кандидаттар**
Twinning ЕБин кеңейтүү саясатына туура келген бенефициарларды колдойт. Бул колдоо улуттук мыйзамдарды ЕБнин мыйзамдарына ылайыкташтырууну камтыйт, ал мамлекеттик башкаруу органдарына ЕБне кирүү үчүн даярданууга жардамын берет.

**Европанын коңшулук саясат тармагына киргизилген өлкөлөр**
Европанын коңшулук саясаты тармагына кошулган мамлекеттерде, бул шайман ЕБнин катышуучу-өлкөлөрүнүн улуттук практикасын жана стандарттарын ЕБнин катышуучу-өлкөлөрүнүн регламенттери камтылган стандарттарынын- ЕБнин кызматташуу, ассоциациялар же ЕБ менен өнөктөштүк боюнча макулдашуулардын алкагында улуттук практика менен жакындашуусуна өбөлгө түзөт.

**ЕБнин өнүктүрүү саясатынын кыймылына кошулган өлкөлөр**
Акырында ЕБнин өнүктүрүү саясаты камтылган өлкөлөрдө Twinning ЕБнин стандарттарына ылайык улуттук өнүгүү стартегияларын ишке ашырууга салымын кошот.
Ошону менен бирге 2030-жыга чейинки аралыктагы БУУнун күн тартибинин аткарылышына өбөлгө болот жана Туруктуу өнүгүү максаттарына жетүүгө көмөктөшөт.



## Twinning кантип иштейт?

1. Өнөктөш-өлкө Европа Комиссиясы менен биргеликтеTwinning мамлекеттик башкаруудагы реформаларды колдоочу ылайыктуу шайман экенин чечишет.

2. Ведомство ЕБнин делегациясынын колдоосу менен өнөктөш-өлкөдө Twinning (Twinning fiche) деталдуу техникалык тапшырманы даярдайт.

3. Буюртма берүүчү уюм долбоордук сунуштар сынагынын алкагында Twinning (Twinning fiche) деталдуу техникалык тапшырманы ЕБнин бардык мүчө өлкөлөрүнө жөнөтөт.

4. ЕБнин кызыкдар мүчө-өлкөлөрү өздөрүнүн долбоордук сунуштарын тартуулайт, ал эми тандоо комиссиясы аларды баалайт.

5. Буюртма берүүчү уюм жеңүүчү катарында бир мүчө өлкөнү же мүчө өлкөлөрүнүн консорциумун тандайт.

6. ЕБнин мүчө-өлкөсү, долбоордун лидери өнөктөш-өлкөгө Twinning (Resident Twinning Advisor, RTA) долбоорунун туруктуу консультанты катары өзүнүн бир мамлекеттик кызматкерин жиберет.

7. RTA өзүнүн өнөктөш ведомстволорундагы кесиптештери менен бирге Twinning долбоору тарабынан аныкталган милдеттүү жыйынтыктарга жетишүүгө умтулууда. Өзүнүн милдеттенмелерин документалдык түрдө ырастоо катарында ЕБнин мүчө-өлкөсү (же бир нече өлкөлөр) жана долбоордун баштапкы этабында өнөктөш ведомство тарабынан түзүлгөн Twinning долбоорундагы Twinning аракет планына өнөктөштөр кол коюшат.

### Twinning долбоорунун узактыгы

Twinning долбоорунун орточо узактыгы 12 айдан 36 айга чейин; ошол эле учурда RTA өнөктөш ведомствого долбоорду ишке ашыруу мөөнөтүнүн аягына чейин жөнөтүлөт.

### Twinning долбоорун баалоо жана таасир этүү

Twinning долбоорлору тажрыйбаны, билимди жана кызматташтыкты тең салмактуу алмашуу менен конкреттүү операциялык жыйынтыктарга жетишүү үчүн көмөктөшүүгө жаралган. Долбоорлор ишке ашырылып бүтүп, 6-12 айдан кийин алардын чыныгы жетишүү жыйынтыгына баа берилет.

## Кошумча маалымат

http://ec.europa.eu/twinning

near-twinning@ec.europa.eu

#EUTwinning

fb.com/EUnear

@eu_near

Бельгиядагы Pictogram басмаканасында басылды

Люксембург: Европалык Биримдиктин расмий публикацияларынын Башкармалыгы, 2020-ж.

© Европа Биримдиги, 2020-ж.

Булакка шилтемеси бар учурда гана кайрадан колдонуууга уруксат берилет. Европа комиссиясынын документтерин кайрадан колдонуу эрежелери 2011/833/EU (OJ L 330, 14.12.2011,  39-бет) чечимдери менен жөнгө салынат.

Европа биримдигинин автордук укугуна тиешеси жок фотолорду жана башка материалдарды колдонуу үчүн автордук укук ээлеринин тийиштүү макулдугу талап кылынат.

Бардык материалдар кайтарууда© Европа Биримдиги, 2020-ж., 1 жана 2-беттеги фотолордон тышкары, © iStockphoto, 2020

Publications Office
of the European Union